# 2020-2021-окуу жылында окууга мотивациясы жогору болгон окуучулар менен иштөөнүн анализи

Максаты: билим берүү жана таанып-билүү иш-аракеттерине мотивациясы жогору окуучулар менен иштөөнүн жыйынтыгын чыгаруу, таланттуу балдар менен иштөө боюнча мектептин методикалык ишин талдоо

Мектеп ичиндеги көзөмөлдүн планына ылайык, 2020-2021-окуу жылында жылдын ичинде предметтик мугалимдердин окуу-таанып билүү жөндөмү жогору окуучулар менен болгон ишине салыштырмалуу анализ жүргүзүлдү.

Мектепте таланттуу балдар менен иштөө артыкчылыктуу багыттардын бири бойдон калууда. Акыркы жылдары билим берүү жана таанып-билүү иш-аракеттерине мотивациясы жогору окуучулар менен иштөө жакшы жолго коюлган. Мисалы;

• ар кандай деңгээлдеги предметтик олимпиадаларда,

• предметтик декадаларда,

• интеллектуалдык таймаштарда жана оюндарда,

• илимий жана практикалык конференцияларда

• илимий изилдөө долбоорлор үчүн сынактарда

Пандемияга байланыштуу аралыктан окуп жаткандыктан олимпиадага 9-11-кл 125 окуучу катышып, 69 окуучу орунга ээ болушту. 1–2–3– орунду ээлеген окуучулар грамота менен сыйланышты. 10–11–класстардан 1-2-3-орунду ээлеген 27 окуучу райондук олимпиадага жөнөтүлдү. Район ичинде өтүлгөн предметтик олимпиадада 3 окуучу байгелүү орунга жетишти

1. Омурбекова Сезим 2-орун тарых
2. Саатова Мадина 2-орун химия
3. Талант уулу Нур 3-орун тарых

Предметтик олимпиаданын шаардык этабына 2-орунду ээлеген Омурбекова Сезим, Саатова Мадина катышып, тилекке карша орунга ээ болгон жок

**Акыркы 3 жылда олимпиаданын жыйынтыгы;**

| Иш чаралар | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 |
|---|---|---|---|
| райондук олимпиаданын женүүчүлөрү | 7 | - | 3 |
| шаардык олимпиаданын женүүчүлөрү | - | - | - |
| республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү | - | - | - |

| Иш чаранын аталышы | 2018-2019 | | 2019-2020 | | 2020-2021 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | катышуучу лардын саны | жеңүүчүлөрдүн саны | катышуучу лардын саны | жеңүүчүлөрдүн саны | катышуучу лардын саны | жеңүүчүлөрдүн саны |
| Райондук предметтик олимпиада | 30 | 7 | 30 | - | 27 | 3 |
| кыргыз тили жана адабияты | 3 | 1 | 3 | | 3 | |
| орус тили жана адабияты | 3 | 1 | 3 | | 3 | |
| математика | 2 | - | 3 | | 3 | |
| физика | 2 | 1 | 3 | | 3 | |
| химия | 3 | - | 3 | | 3 | 1 |
| Биология | 3 | - | 3 | | 3 | |
| география | 3 | 2 | 3 | | 3 | 2 |
| тарых | 3 | 2 | 3 | | 3 | |
| англис тили | 3 | - | 3 | | 3 | |
| Шаардык олимпиада | - | - | | | 2 | |
| Республикалык олимпиада | - | - | - | - | | |
| Экономикалык олимиада | - | - | - | - | 6 | 6 |
| 6-кл математикалык олимпиада | - | - | 6 | | | |
| КМЮА Кыргызстандын тарыхы б/ча олимпиада | 2 | 1 | | | 6 | 4 |
| илимий практикалык конференция | 3 | 1 | 7 | 1 | 2 | - |
| Спорттук оюндар «Мектеп лигасы» | 20 | 11 | 20 | 8 | 12 | 6 |

Таланттуу балдар менен иш алып барууда олимпиада менен гана чектелип калбастан окуучулар ар кандай конкурстарда, эл аралык конференцияларга катышып сертификат, диплом менен сыйланышты. Мисалы:

1. Эл аралык Эне тил күнүнө арналган Бишкек шаарынын райондор арасында өткөрүлгөн «Манас айтуу» сынагында Жээнбеков Абзал 1-орунду ээлеп диплом менен сыйланды
2. КР мамлекеттик тилинин 31 жылдыгына карата өткөрүлгөн “Китеп-билим булагы” шаардык кароо сынакта
   Кенжекулова Тахмина 6-г кл 1-орун
   Ибраимова Каньшай 7-а кл 1-орун
   Омурбекова Сезим 10-б кл 1-орун
   Жээнбеков Абзал 7-б кл 3-орун
3. Кыргыз Экономика Университети өткөргөн «экономистердин жумалыгына» арналган Бизнес-олимпиадага 9-кл «Прогресс»

командасы катышып 1-орунду ээлешип, 1-даражадагы диплом менен сыйланышты

4. Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы өткөргөн Кыргызстандын тарыхы боюнча олимпиадада
   Казипова Жылдыз 2-орун
   Рахманбердиева Мадина 3-орун
   Талант уулу Нур 3-орун
5. Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 9-класстар арасында райондук "Сабаттуу бол" аттуу жат жазуу жазуу боюнча сынак болуп өттү. Анда 9-д классынын окуучусу Казипова Жылдыз катышып, бардык эрежелерге таянып туура жазгандыгы үчүн 1-орунга ээ болду.
6. "Аэрофлот Россиялык авиакомпаниянын бортпроводниги Максим Моисеевдин элесине" арналган футбол боюнча балдардын турнирине катышып, диплом менен сыйланышты
7. Кыргыз футбол союзу өткөргөн FIFA турнирде командасы **3-орунду** ээлешти

Жыл сайын өткөрүлүүчү илимий изилдөө долбоорунун шаардык конкурсуна 2 окуучу катышты.

| | аты жөнү | класс | Долбоордун тема | Жетекчиси |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Адилбеков Умар | 8-а | Картошканын кытырагы жана Кока-Кола адамдын организмине кандай таасир тийгизет? | Сыдыкова Жакут Закировна |
| | Талант уулу Нур | 9-д | Талкаланып, уурдалып жаткан үлкөн кыргыз тарыхы же изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол | Казакова Нургул Омурбековна |

2021-2022-окуу жылына карата таланттуу балдар менен иштөөдө төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду;

- башталгыч класстар менен жогорку класстардын мугалимдеринин ортосунда кызматташууну улантуу
- белгилүү бир окуу дисциплинасын же билим берүү чөйрөсүн терең изилдөөгө умтулган чыгармачыл жөндөмгө ээ окуучуларды эрте аныктоо;
- окуучулардын предметти же предметтик циклди үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттыруу, окуучулардын таанып билүү жана чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүү максатында мектептик предметтик жумалыктарды, декадаларды өткөрүү;
- ар кандай сынактарга, интеллектуалдык оюндарга, предметтик олимпиадаларга мүмкүн болушунча кеңири катышууну камсыз кылуу.

Жыйынтык: Мектеп окуучулардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн ишке ашырууга шарттар түзүлгөн. Бирок, жетишилген натыйжаларга карабастан, өткөн окуу жылынын жыйынтыгын талдоо менен окуучулардын жана мугалимдердин интеллектуалдык конурстарга катышуу деңгээли төмөндөп жатканын белгилөө керек жана 2021-2022-окуу жылына карата ар кандай деңгээлдеги конкурстарга жана предметтик олимпиадаларга катышууда жана уюштурууда ушуну эске алуу керек